КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЫЛАЙ-ТАЛАА

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезексиз XII сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**
№ 12/1

2023-жылдын 3 - октябры, Ылай-Талаа айылы.

**2023-жылдын 15-декабрында Бишкек шаарында өтө турган Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча айыл аймагында боло турган жыйындардын графигин, жумушчу комиссиянын курамын жана жыйындарга жооптуу депутаттарды бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 7-беренесинин 2- “Элдик Курултайдын укуктук статусу жөнүндө” бөлүгүн, Элдик Курултайды өткөрүү жана ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин 2023-жылдын 6-сентябрындагы № 1 чечимин жетекчиликке алып Ылай-Талаа айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

I. Ылай-Талаа айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктүү жыйынга катыша турган өкүлдөрдүн төмөндөгү сандык курамы бекитилсин:

1. Ылай-Талаа айылынан – 63 өкүл,
2. Сай айылынан – 18 өкүл,
3. Шаркыратма айылынан – 7 өкүл,
4. Жылкол айылынан – 6 өкүл,
5. Сары-Таш айылынан – 6 өкүл,

**Жалпы: 100 өкүл.**

II. Ылай-Талаа айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктүү жыйынга өкүлдөрдү көрсөтүү жана Элдик Курултайга делегаттарды шайлоолорду өткөрүүгө байланыштуу тиешелүү иш-аракеттерди камсыздоо боюнча жумушчу комиссиянын курамы № 1 тиркемеге ылайык бекитилсин (№ 1 тиркеме тиркелет).

III. Жыйындарды өткөрүүнүн графиги жана жыйындарды өткөрүү үчүн жооптуу депутаттар № 2 тиркемеге ылайык бекитилсин (№ 2 тиркеме тиркелет).

IV. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык Кеңештин “Мыйзамдуулук, укук тартиби, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, кеңештердин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдардын, саясий партиялардын жана дин иштери боюнча” туруктуу комиссиясына (төрагасы О.Абдимажит уулу) милдеттендирилсин.

Төрага **А.Кадамбаева**

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин 03.10.2023-жылдагы № 12/1 токтомуна № 1 тиркеме

**Ылай-Талаа айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктүү жыйынга өкүлдөрдү көрсөтүү жана Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо тууралуу тиешелүү иш-аракеттерди камсыздоо боюнча жумушчу комиссиянын курамы:**

1.Кадамбаева Айнура Токтомушевна _Ылай-Талаа айылдык кенешинин төрагасы, жумушчу комиссиянын төрагасы;

2.Осмоналиев Сулайман Калилжанович – Ылай-Талаа айыл кеңешинин катчысы, жумушчу комиссиянын катчысы;

3.Эшейбай уулу Айбек – № 2 – 8 мандаттуу Ылай-Талаа шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

4.Дыйканов Салмоорбек Аширбекович – № 2 – 8 мандаттуу Ылай-Талаа шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

5.Асанов Жамшитбек Асанович – ардагерлер кеңешинин төрагасы, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

6.Абдыраева Нурийла Жээнбековна – аялдар кеңешинин төрайымы, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

7.Тоотаев Байымбет Абдимиталипович – № 2 – 8 мандаттуу Ылай-Талаа шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

8.Исабаев Мелис Тыныбекович – № 3 – 5 мандаттуу Сай шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

9.Казматов Нурмухаммед Каныбекович - № 1 – 8 мандаттуу Каманчы шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

**Катчы** **С.Осмоналиев**

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин 03.10.2023-
жылдагы № 12/1 токтомуна № 2 тиркеме

Ылай-Талаа айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктүү жыйынга өкүлдөрдү көрсөтүү жана Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттардын жыйындарын өткөрүүнүн

## ГРАФИГИ

| № | Айылдардын аталышы | Күнү, убактысы | Өтө турган жери | Жооптуу кызматкерлер | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ылай-Талаа, 2-бөлүм | 17-октябрь, 12-00 | Айылдык клубда | А.Жолдошов | |
| | Ылай-Талаа, 3,7-бөлүм | 18-октябрь, 12-00 | Ө.Абдылдаев мектебинде | Б.Ормонбекова | |
| | Ылай-Талаа, 4,5-бөлүм | 19-октябрь, 12-00 | А.Осмонов мектебинде | Н.Айтбаев | |
| | Ылай-Талаа, 6-бөлүм | 20-октябрь, 12-00 | Айылдык клубда | Г.Табалдыева | |
| | Ылай-Талаа, 9-бөлүм | 21-октябрь, 12-00 | Айылдык ФАПтын жанында | О.Абдимажит уулу | |
| | | | | | |
| | Сай, 1-бөлүм | 22-октябрь, 12-00 | М.Баатыров мектебинде | Р.Баргыбаева | |
| | Сай, 8-бөлүм | 22-октябрь, 12-00 | М.Баатыров мектебинде | М.Райымкулов | |
| | | | | | |
| 2 | Шаркыратма | 20-октябрь, 12-00 | Ж.Айтбаев мектебинде | А.Акматалиева | |
| 3 | Жылкол | 19-октябрь, 12-00 | Ж.Ибраимов мектебинде | Ф.Омошов | |
| 4 | Сары-Таш | 22-октябрь, 12-00 | Айылдагы мечиттин жаны | Т.Беделова | |
| | | | | | |
| **5** | **Ылай-Талаа** | **18-ноябрь, 10-00** | **Айылдык клубда** | **А.Кадамбаева** | |
| | | | | | |

**Катчы** **С.Осмоналиев**